**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №29 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 20-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Мамашев М., Кадыров К., Акимбаев С.

**Күн тартиби:**

1. **Папан айылдык кеңешине талапкер К.Бактыбаевдин арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер. Папан айылдык кеңешине талапкер К.БАктыбаев Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясына 2021-ылдын 14-апрелиндеги Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясында өткөрүлгөн №5261 Кожокелен шайлоо участогунун бюлетендерин кайрадан эсептөө Мыйзамдын талабына ылайык өткөн жок, №5261 шайлоо участогунун кайрадан эсептөө боюнча түзгөн протоколун жараксыз деп табуу боюнча арызданган.

2021-жылдын 14-апрелинде Папан айылдык кеңешине 3 мандаттуу №1 Кожокелен шайлоо округунан талапкер Бактыбаев Камчыбек Кушбаковичтин арызы менен Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын №20 чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү А.Асаналиевдин катышуусунда №5261 Кожокелен шайлоо участогунун жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо боюнча шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөө жүргүзүлдү. Кайрадан эсептөөнүн жыйынтыгы менен жарактуу бюллетендердин арасынан 1 (бир) бюллетень К.Бактыбаевге добуш берилгендиги аныкталып, кошулду. Андан сырткары 9 (тогуз) жараксыз бюллетендин арасынан 2 (эки) бюллетенди №5261 участкалык шайлоо комиссиясы жарактуу деп табып, добуштар талапкерлерге кошулду, б а. К.Бактыбаевге 1 (бир), Н.Сайдазим уулуна 2 (эки), Р.Кожобаевага 1 (бир) М.Эсенбаевге 1 (бир), К.Аттокуровго 1 (бир) добуш. Кайрадан эсептөөнүн жыйынтыгы менен протокол түзүлдү.

Кайрадан эсептөөнүн жыйынтыгы добуш берүүнүн натыйжасына таасирин берген жок.

Жогорудагылардын негизинде, К.Бактыбаевдин №5261 Кожокелен шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөө протоколун жараксыз деп табууга негиз жок болгондугуна байланыштуу боюнча, протоколду жараксыз деп табуудан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:
**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Папан айылдык кеңешине талапкер К.Бактыбаевдин №5261 Кожокелен шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетендерин кайрадан эсептөө протоколун жараксыз деп табууга негиз жок болгондугуна байланыштуу боюнча, протоколду жараксыз деп табуудан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**